"Каралды"

Педагогикалык кеңештин

№ 2

"4" 11 2022-жыл

"Бекитемин"

Х.Жээнбаев атындагы

мектеп-лицейинин директору

Атаев Б.С.

# Х. ЖЭЭНБАЕВ АТЫНДАГЫ МЕКТЕП-ЛИЦЕЙИНИН ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК ДЕҢГЭЭЛИ ЖОГОРУ БОЛГОН ОКУУЧУЛАР МЕНЕН ИШТӨӨ ЖОБОСУ

**1. Жалпы жобо**

1.1 Бул жобо Х.Жээнбаев атындагы мектеп-лицейинин интеллектуалдык деңгээли жогору болгон окуучуларды аныктоо жана алар менен иш алып барууну жөнгө салат.

1.2 Окуучулар арасынан ар кандай диагностикалык жол менен интеллектуалдык, чыгармачылык, физикалык жөндөмдөрүн аныктоо.

1.3 Зээндүү бала-бул өзүнүн билими, маалыматты кабыл алуусу, окуп түшүнүүсү жана да окуу процессинде жетишкендиктери менен өзгөчөлөнгон бала. Жөндөмдүү, таланттуу адам- коомдун өзгөчө байлыгы.

**2. Интеллектуалдык деңгээли жогору болгон окуучулар менен иш алып баруунун максаттары**

2.1 Жөндөмүү окуучуга билимин ар тараптан тереңдетүүгө жана сапаттуу билим алууга, руханий байлыгын кеңейтүүгө шарт түзүп берүү.

2.2 Окуучуларды кошумча маалымат булактары менен камсыздоо жана усулдук жардам берүү.

2.3 Мектепти аяктаган соң туура кесип тандоо менен өнүгүп турган коомдо өз ордун табышына шарт түзүү.

**3. Милдеттери**

3.1 Окуучулардын предметке болгон кызыгуусу, маалыматты кабыл алуусу жана колдоно билүүсүнө карата жөндөмүү окуучуларды аныктоо.

3.2 Окуу куралдарын тандоо,окуучулардын көз карандысыз ой жүгүртүүсүн, руханий

Сканировано с CamScanner

байлыгын кеңейтүүгө багытталган.

3.3 Таланттуу балдарды класстан тышкары интеллектуалдык таймаштарды, оюндарды,илимий-практикалык семинарларды,тегерек столдорду, көргөзмөлөрдү жана башка иш-чараларды уюштуруу.

**4. Жөндөмдүү окуучулар менен иштөө принциптери**

4.1 Окуучулардын илимий көз караштарын түзүп берүү жана ошондой эле айрым илимий иштердин ыкмаларына тартуу.

4.2 Кошумча окумуштуулардын,практиктердин жекече түрдө сабак өтүүсүн камсыздоо.

4.3 Таанып билүүсүн өстүрүү.

4.4 Окуучулардын окуусун оптималдаштырып,окуу ишмердүүлүгүн активдештирүү.

4.5 Өркүндөтүп,программалаштырып окутуу

4.6 Окуучулардын жеке чыгармачылыгын өнүктүрүүгө карата чөйрө түзүп берүү.

**5. Жобого катышкан катышуучулар**

-Мектеп администрациясы

- Мектеп метод бирикмелеринин жетекчилери

-Предметтик мугалимдер

-Класс жетекчилер

-Китепканачы

- Соц.педагог

- Кружок жетекчилери

-Ата-энелер

**6. Жөндөмдүү окуучулар менен иштөө мониторингинин өтүү формасы**

| **Формасы** | **Убактысы** |
|---|---|
| Рефераттар конкурсу<br>Илимий-практикалык конференция | Жылына бир жолу |
| Предметтик декадалар | Жылдык план негизинде |
| Олимпиада боюнча иштөө | Жылына бир жолу |
| Зээндүү окуучулар менен иштеген педагогдордун иш тажрыйбасынан чыгармачылык отчёту | Педагогикалык кеңеште |
| Тематикалык конкурстар,көргөзмөлөр | Жылына бир жолу |
| Проекттер менен иштөө | Жылына бир жолу |
| Жетишкендиктер | Жылына бир жолу |
| Өнүгүү мониторинги | Жылына бир жолу |

Сканировано с CamScanner

## 7. Уюштуруу жана функционалдык милдеттер

7.1. директордун функциясы:

- Окуу процессинде жөндөмдүү окуучуларга түзүлгөн жылдык пландын аткарылышына көзөмөлдөө
- Жөндөмдүү окуучуларды жана алар менен иштеген мугалимдерди сыйлоо

7.2. Завучтун функциясы:

- Жобого ылайктуу окуу процессине байланышкан жүгүртмө, окуу пландарды иштеп чыгуу, кошумчалоо
- Жөндөмдүү окуучулар тууралуу так маалымат чогултуу
- Программалардын иштелмелери
- Нормативдик документтерди жасалгалоо
- Интеллектуалдык деңгээли жогору болгон окуучулар менен иштөөдөгү көйгөйлөр үстүндө иш алып баруу жана семинар уюштуруу
- Жөндөмдүү окуучулар менен иш алып барган мугалимдерге усулдук, методикалык жардам көрсөтүү
- Жөндөмдүү окуучулар менен жүргүзүлгөн иштин отчетун даярдоо

7.3.Методикалык бирикменин жетекчилеринин функциясы:

- Мектеп ичиндеги таймаштарды, олимпиаларды, декадаларды пландоо жана өткөрүү
- Предметтер боюнча жогорку деңгээлдеги текшерүү иштеринин, тапшырмаларынын иштелмелерин даярдоо
- Жөндөмдүү окуучулар менен иштөө пландарын, декаданын, таймаштардын жыйынтыктарын көрсөткөн бурчтарды уюштуруу

7.4. Предметтик мугалимдердин функциясы:

- Интеллектуалдык деңгээли жогору болгон окуучуларды аныктоо
- Жөндөмдүү окуучулар менен иштөө пландарын түзүү
- Окуу кабинеттеринде зээндүү окуучуларга кошумча маалыматтарды, окуу куралдарын, тесттик иштерди ж.б. топтоо
- Өз алдынча иштөөнү уюштуруу
- Интеллектуалдык деңгээли жогору болгон окуучулар менен иштөө отчетторун даярдоо

7.5. Класс жетекчилердин функциясы:

- Окуу процессинде жөндөмдүү жана зээндүү окуучуларды аныктоо
- Класстагы интеллектуалдык деңгээли жогору болгон окуучулар менен тарбиялык иштери боюнча план түзүү

Сканировано с CamScanner